**И.АРАБАЕВ атындагы**
**КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д.25.24.698 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ**

*Кол жазма укугунда*
УДК: 913.81.373.21

**ДАОВЛАТОВА ФЕРУЗА МУКТАРОВНА**

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮШТҮК АЙМАГЫНДАГЫ ЖЕР-СУУ АТАЛЫШТАРЫНЫН ТАРКАЛЫШЫ ЖАНА КЕЛИП ЧЫГЫШЫ

**25.00.24 – экономикалык, социалдык, саясий**
**жана рекреациялык география**

**География илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын**
**изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2024**

Иш Баткен мамлекеттик университетинде даярдалды.

**Илимий жетекчи:** **Низамиев Абдурашит Гумарович**
география илимдеринин доктору, профессор,
Ош мамлекеттик университетинин Табият таануу, дене тарбия, туризм жана агрардык технологиялар институтунун директору.

**Расмий оппоненттер:**

**Жетектөөчү мекеме:**

Коргоо 2025-жылдын “___” ________ саат 14.00дө И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Ош мамлекеттик университетине караштуу география илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча Д.25.24.698 диссертациялык кеңештин отурумунда болот. Дареги: Бишкек ш., Раззаков к., 51, сайты: http: arabaev.kg.

Онлайн https://vc.vak.kg/b/25--if8-pqy-vzt

Диссертация менен И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (7200026, Бишкек ш., Раззаков к., 51) жана Ош мамлекеттик университетинин (723503, Ош ш., Ленин к., 331) борбордук китепканаларынан жана КР ЖАКнын сайтынан таанышууга болот: www.vak.kg.

Автореферат 2025-жылдын “___” ________ таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**г.и.к., доцент** **Солпиева Д.Т.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Жер-суу аталыштарынын калыптануу процесси коомдун өнүгүшү менен тыгыз байланышта келет жана ал аталыштар кандайча берилиши коомдун белгилүү бир этаптагы керектөөсүнө жараша аныкталат. Географиялык аталыштар ар тараптуу жана көп кырдуу маалымат булагы болуу менен бирге адамзат коому үчүн зарыл жана маанилүү коомдук-саясий функцияны аткарат. Ошол себептүү ар кандай топоним адамдын ишмердүүлүгүнүн продуктусу болуу менен ал жердин белгилүү бир чекитинде географиялык объектинин аты катары пайда болгон.

Өлкөбүздүн азыркы өнүгүү шарттарында географиялык аталыштарды изилдөө жана алардын маанисин аныктоо маселелери өзгөчө актуалдуу, анткени, «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызыкчылыктарын улуттук, тарыхый салттардын жана баалуулуктардын негизинде жарандарды руханий-адептик тарбиялоону андан ары өркүндөтүү максатында коргоо...»[1] жана «республиканын аймактарында административдик-террриториялык реформаны ийгиликтүү жүргүзүү»[2] максатында айрым топонимикалык аталыштарды атоо жана кайра атоо боюнча республика боюнча масштабдуу иш-чаралар жүргүзүлүүдө. Мындай иш демографиялык процесстерге, тарыхый ысымдардын кайтарып берүүгө, учурдун талабына жараша жаңы атоолорго байланыштуу болуп жатат. Белгилей кетсек, бул процесс бүгүнкү күндө Кыргызстандын түштүк аймагында өзгөчө байкалууда.

Адамдарды байыркы убактардан бери эле географиялык аталыштардын келип чыгышы кызыктырып келет. Мындай кызыгууну адам баласынын таанып-билүүчүлүк иш-аракетинин бир багыты катары кароого болот. Жер-суу аттарынын келип чыгуу себебин билүү бир тармактагы окумуштуулардын иши эмес, а жалпы атуулдар өз жеринин аталыш себебин билүүсү зарыл. Өзү туулуп-өскөн же жашаган жеринин, ага тиешелүү болгон жер-суулардын аталыштарынын маанисин билүү алардын жалпы маданият деңгээлин көрсөтүп турат.

Географиялык аталыштарды илимий жактан изилдөөнүн мааниси чоң. Элдин жайгашуу абалы, географиясы жана анын өзгөрүүсү, тарыхы жана анын мезгилдик өнүгүүсү, тили, жашоо образы жана маданияты ж.б.у.с. көрүнүштөрдү географиялык аталыштар өз ичине камтып же чагылдырып келет. Ошондой эле табигый жана чарбалык предметтердин жана кубулуштардын абалын жана мезгилдик өзгөрүүсүн да жер-суу аттары мүнөздөп турат. Алар аркылуу тигил же бул аймактын орографиялык мүнөзүн же рельефинин ар түрдүү формасын (*Ала-Бел, Коргон-Сай, Түз-Бел* ж.б.), геологиялык өнүгүүсүн жана кандайдыр бир пайдалуу кендерге ээ болушун (*Бариттүү-Үңкүр, Майлуу-Суу, Таш-Көмүр* ж.б.), климаттык өзгөчөлүктөрүн

---

[1] О переименовании города Исфана Лейлекского района Баткенской области Кыргызской Республики //Указ Президента КР от 23 декабря 2021 года, УП № 575.

[2] О проведении административно-территориальной реформы в пилотном режиме на уровне айылных аймаков и городов Кыргызской Республики //Указ Президента КР от 29 декабря 2023 года, УП № 370.

(*Баткен, Шамалды-Сай, Шамал-Терек* ж.б.), ар түрдүү суу объектилеринин болушун (*Ак-Булак, Кара-Суу, Кызыл-Суу* ж.б.), топурак катмарын (*Ак-Турпак, Кара-Баткак* ж.б.), өсүмдүктөр (*Жийде, Сары-Камыш, Чий-Талаа* ж.б.) жана жаныбарлар дүйнөсүнүн (*Бөрү-Көрбөс, Доңуз-Жылга, Кара-Кулжа* ж.б.) түрдүк курамын, ландшафтынын түрдүү абалын (*Алмалуу, Кайыңды* ж.б.) жана социалдык-экономикалык абалын, тактап айтканда, калктын жайгашуу ж.б. өзгөчөлүктөрүн (*Бөрү, Кашкар-Кыштак, Чуңкур-Кыштак* ж.б.), анын чарбалык (*Кызыл-Дыйкан, Курулуш, Пахта-Абад* ж.б.) жана маданий (*Агартуу, Достук, Маданият* ж.б.) жашоо образдарын билүүгө болот жана анын далили катары көрө алабыз. Жер-суу аталыштарын туура түшүнүү географ-адистер үчүн маанилүү жана аларга байланышкан материалдардын негизинде жаратылыш шарттарынын жана ресурстарынын курамдык өзгөчөлүктөрүн, калктын жашоо тарыхын жана анын чарбалык ишмердүүлүгүн окуп-үйрөнүүгө болот.

Дүйнөнүн кайсыл бурчунда болбосун жер-суу аттары кокусунан эле пайда боло калбайт. Ал коом тарабынан берилет жана түзүлөт. Ошондуктан жер-суу аттарынын келип чыгышы да коомдун тарыхына жана социалдык-экономикалык өнүгүү шарттарынын деңгээлине жараша болот.

**Диссертациянын темасынын артыкчылыктуу илимий багыттар, ири илимий программалар (долбоорлор), билим берүү жана илимий мекемелери тарабынан жүргүзүлгөн негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Иш Баткен мамлекеттик университетинин табигый-илимий билим берүү кафедрасынын «Кыргызстандын түштүк-батыш чөлкөмүнүн тарыхын, экологиясын, географиялык-саясий өзгөчөлүктөрүн жана окутуу технологияларын изилдөө» аттуу илимий-изилдөө ишинин алкагында аткарылды.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери**. Диссертациянын максаты болуп Кыргызстандын түштүк аймагындагы жер-суу аталыштарынын таркалуу мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана аларга таасир этүүчү социалдык- жана экономикалык-географиялык факторлорун аныктоо, өзгөчө тарыхый-маданий топонимикалык мурас объектилерин маанилүүлүгүн тактоо менен азыркы социалдык-экономикалык жана саясий талаптарга ылайык сунуштарды иштеп чыгуу саналат.

Бул максатка жетүү үчүн төмөнкүдөй милдеттер коюлду:

-Кыргыз Республикасында жана чет мамлекеттерде жер-суу аталыштарын географиялык багытта изилдөөнүн концептуалдык негиздерин илимий адабияттардын мисалында иликтөө, алардын тажрыйбасын өлкөнүн түштүк аймагынын топонимикалык илимий изилдөө иштеринде жайылтуу;

-Кыргыз Республикасынын түштүк аймагындагы жер-суу аталыштарынын территоиялык таркалуусун, ойкономикалык маңызын, аймактык өзгөчөлүктөрүн жана аларга таасир этүүчү социалдык- жана экономикалык-географиялык факторлорун аныктоо;

-топонимикалык изилдөөнүн негизги багыттарын аныктоо менен географиялык аталыштарды табигый жана социалдык-экономикалык

өзгөчөлүктөрү боюнча классификациялоо;

-Кыргызстандын түштүк-батыш чөлкөмү боюнча топонимикалык аталыштарга этимологиялык талдоо жүргүзүү жана жер-суу аталыштарынын өзгөрүп кетүү себептерин ачып көргөтүү;

-табигый-географиялык негизи бар аталыштардын (ороним, гидроним, фитоним, зоотопоним ж.б.) социалдык-экономикалык функцияларын талдоо, топонимдер түшүнүгүнүн географиялык мазмунун жана маңызын ачуу;

-аймактын топонимикасынын хронологиялык түзүлүшүн аныктоо, анын тарыхый туруктуулугуна жана өзгөрүүсүнө баа берүү, бул жагынан ички айырмачылыктарды жана аларды аныктоочу экономикалык-географиялык факторлорду изилдөө;

-ГИС-технологияларды колдонуу менен түштүк аймактын жер-суу аталыштарынын территориялык структурасын чагылдырган тематикалык топонимикалык карталардын сериясын түзүү;

-Кыргызстандын түштүк аймагындагы жер-суу аталыштарынын административдик-аймактык бирдиктеринде топонимикалык мурастын элементтери болгон аталыштардын тизмесин калыптандыруу жана топонимикалык мурастарды коргоо боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

-Баткен областынын мисалында географиялык аталыштарды социалдык-экономикалык негизде (антропо- жана этнотопонимдер, кесиптик, идеологиялык ж.б.) пайдалануу, географиялык объектилерге ээлик кылуу жана сактоону камсыз кылуучу топонимикалык маалыматтык системалардын (ТМС) базасын түзүү;

-жер-суу аттарынын тарыхый аталыштарын сактоо, эски аталышын ыйгарууну же жаңыча атоонун зарылдыгын аныктоо менен коомчулукка жана жаш муундарга жеткирүү.

**Изилдөө усулдарына** сурамжылоо, экспедициялык, экономикалык-географиялык жайгашуу ордун аныктоо, географиялык-салыштыруу, тарыхый-салыштыруу, картографиялык, этимологиялык талдоо, статистикалык ж.б. кирди.

Изилдөөнүн жүрүшүндө **илимий жаңылык** катары төмөнкү теориялык жана практикалык натыйжалар алынды:

-аймактын топонимикасы биринчи жолу социалдык- жана экономикалык-географиялык жактан комплекстүү түрдө изилденди;

-Кыргызстандын түштүк аймагынын жер-суу аталыштарынын калыптануу өзгөчөлүгү боюнча 3 хронологиялык мезгилге (совет дооруна чейин, совет бийлигинин тушунда жана эгемендүүлүк жылдарында) бөлүндү жана аймактын топонимикасынын тарыхый өзгөрүү себептерине баа берилди;

-ГИС-технологияларды колдонуу менен Кыргызстандын түштүк аймагынын жер-суу аталыштарынын территориялык структурасын чагылдырган тематикалык топонимикалык карталардын сериясын түзүлдү;

-Кыргызстандын түштүгүндө кездешүүчү фарсы-тажик тилдериндеги географиялык терминдердин кыргызча түшүндүрмөсүн изилденди жана топонимикалык сөздүк түзүлдү.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.** 2024-жылга карата топонимдердин таркалуусу, келип чыгуу себептери жана түзүлүшүн (тили, лексика-семантикалык түрү, калыптануу мезгили ж.б.) көрсөтүү менен Кыргызстандын түштүк аймагынын жер-суу аталыштарынын реестри түзүлдү. Кыргызстандын түштүк аймагынын жер-суу аталыштарынын географиялык, лингвистикалык, топотерминологиялык жана хронологиялык курамын жана аймактын топонимикалык райондоштуруу схемасын чагылдырган топонимикалык тематикалык карталардын сериясы заманбап ГИС-технологияларын колдонуу менен түзүлдү. Ошондой эле эмгекте келтирилген маалыматтар, пикирлер жана корутундулар жогорку окуу жайларынын тиешелүү багыттары боюнча окуу процессинде мааниге ээ.

**Алынган натыйжалардын экономикалык маанилүүлүгү**. Иштин мазмуну жана негизги корутундулары, автор тарабынан ар кандай экспедицияларда топтолгон маалыматтар жана сурамжылоо анкеталарынын натыйжалары аймактык калктуу конуштарга ат коюуда жана кайра атоодо, жер-суу аттарын улуттук стандартташтырууда, транскрипцияда, жаңы аттарды түзүүдө пайдаланылышы мүмкүн.

**Диссертацияны коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

1.Кыргызстандын түштүк аймагынын жер-суу аталыштарында жаратылыштын жана коомдун абалын, өнүгүүсүнүн жана өзгөчөлүктөрүн чагылдырылышын аныктоо жана талдоо. Жер-суу аталыштары биринчи кезекте жердин физикалык-географиялык көрүнүшүнө (рельефтин ар түрдүүлүгү, суу байлыгынын көптүгү, флора жана фаунанын ар түрдүүлүгү ж.б.) байланыштуу, айрым жер-суу аттарынын пайда болушунда жергиликтүү элдин чарбалык ишмердүүлүгү, тарыхы, руханий жана материалдык маданиятынын өзгөчөлүктөрү да таасир этүүсү аныкталды. Аймактын топонимикасында этнонимдердин салмагы бир топ жогору экендигин талдоолор көрсөттү.

2.Топонимика илимий тармак катары коомдук (экономикалык жана социалдык) географияны камтыган гуманитардык илимдердин бир бөлүгү катары кароо менен географиялык аталыштардын функциялары аныкталды. Өлкөнүн административдик-территориялык бирдиктеринде топонимикалык изилдөөлөрдү жүргүзүү, калктуу пункттардын аталыштарын изилдөө, жер-суу аттарын калыптандырууда аймактын экономикалык, социалдык-географиялык өзгөчөлүктөрүн аныктоо иштери жүргүзүлдү.

3.Каралып жаткан аймактын географиялык аталыштарын аймактык жактан талдоо жана курамына топонимикалык изилдөө жүргүзүлдү: аймакта нукура кыргызча аталыштары басымдуулук кылат (80-85%); орус тилдүү аталыштар да басымдуу, бирок акыркы 30 жылда алардын саны 70%га кыскарган; башка түрк тилиндеги аталыштар да арбын; ошол эле учурда түрк эмес (согда, фарс-тажик, араб, монгол) топонимдери да бар (5%га чейин);

4.Географиялык атоолордун кайрылуу функциясын аныктоо, расмий жана жалпы керектөө, улуттук стандартташтыруу үчүн ар кандай географиялык объектинин аталышын жазуу боюнча иликтөөлөр болду.

5.Этнонимдердин аймактык калктуу конуштардын аталыштарында чагылдырылышы талданып, географиялык объектилерге, анын ичинде калктуу конуштарга ат коюу же жаңыча атоо боюнча илимий-практикалык сунуштар иштелип чыкты.

**Изилдөө натыйжаларынын ишенимдүүлүгү**. Изилдөөнүн натыйжаларынын ишенимдүүлүгү Кыргыз Республикасынын жана анын административдик-аймактык бирдиктеринин жергиликтүү бийлик органдары тарабынан бекитилген калктуу конуштардын тизмелерине, тарыхый жана архивдик материалдарга, административдик райондордо жүргүзүлгөн талаа изилдөөлөрүнө жана жергиликтүү информаторлор, илимий кызматкерлер менен болгон маектерге негизделген.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Түштүк аймакта, тактап атканда, Баткен чөлкөмүндөгү жер-суу аттарын изилдөөлөрдүн натыйжасында далилдөө иштери жүргүзүлүп, кээ бир аталыштар өзгөртүлдү. Изилдөөнүн натыйжасында топонимикалык сөздүк түзүлдү. Аткарылган иштердин натыйжасында башка тилден кирген мааниси түшүнүксүз аталыштарды өзгөртүү боюнча мамлекеттик администрацияларга сунуштар берилди.

**Изилдөө натыйжаларын апробациялоо.** Илимий изилдөөнүн негизги мазмуну жана жыйынтыктары төмөндөгү эл аралык жана аймактык илимий-практикалык конференцияларда талкууланган: ОшМУ, 2017; БатМУ, 2018, 2019; ОшМПУ, 2021; КМУ, 2022, ТалМУ, 2024, Карши МУ, 2024) ж.б. Ошондой эле «Кыргызстандын түштүгүндөгү фарсы жана тажик тилдеринен кирген жер-суу аталыштарынын этимологиясы” аттуу окуу-усулдук колдонмо жарык көргөн (Ош, 2017).

**Диссертациянын натыйжаларынын жарыяланышы.** Автор тарабынан диссертациялык иштин негизги натыйжалары 18 макалада жарык көрүп, алардын ичинен 9 макаласы КРнын ЖАКсы көрсөтмө берген илимий журналдарында жарыяланган.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертация киришүүдөн, 3 баптан, теориялык жана практикалык жыйынтыктардан, колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациялык иштин көлөмү 155 бетти түзүп, 9 таблица, 10 сүрөт жана 12 карта камтыйт.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу негизделүү менен анын максаты, алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы жана практикалык маанилүүлүгү ачып көрсөтүлүп, коргоого алынып чыккан негизги жоболор, изденүүчүнүн жеке салымы, изилдөөнүн натыйжаларынын апробацияланышы жана диссертациянын түзүлүшү чагылдырылды.

**«Илимий адабияттардын обзору» аттуу 1-бапта** илимий адабияттарды талдоо менен жер-суу аталыштарын изилдөөнүн концептуалдык негиздери, ошондой эле топонимдердин калыптануу жана өнүгүү өзгөчөлүктөрү жаңы изилдөө багыты катары каралды.

Жер-суу аталыштары тигил же бул аймактын тарыхый, табигый-

географиялык жана социалдык-экономикалык өнүгүү өзгөчөлүгүн мүнөздөгөн фактор болуп саналат. Аларды географиялык көз карашта илимий-теориялык жактан кароонун фундаменталдык негиздери Ю.И.Ахмадалиев, С.Н.Басик, В.А.Жучкевич, С.К.Кораев, Э.М.Мурзаев, Н.Охунов, Х.Л.Ханмагомедов өңдүү чет элдик окумуштуулардын эмгектеринде каралган. Кыргызстанда буга чейин топонимика жааты негизинен лингвистикалык жактан изилденип келгенине Д.Исаев, К.Конкобаев, С.Ж.Мусаев ж.б. эмгектери негиз боло алат.

Географ-окумуштуу С.У.Умурзаков жер-суу аталыштарынын географиялык аспектилерин белгилүү бир деңгээлде караган. Мына ушуга байланыштуу топонимика илими география үчүн али жаңы багыт экендиги, анын географиялык маанисин, айрыкча экономикалык жана социалдык гоеграфия жаатында иликтөөлөр али жок экендигин адабий талдоо көрсөттү.

«**Изилдөөнүн матералдары жана усулдары» аттуу II бапта** илимий изилдөө үчүн материалдарды издөө, тандоо жана талдоо ишинде оболу теманын объектиси жана предмети такталуу менен изилдөө материалдары жана усулдары каралды.

**Изилдөө объектиси** катары Кыргыз Республикасынын түштүк аймагындагы калыптанган географиялык аталыштар каралат.

**Изилдөө предмети** болуп Кыргыз Республикасынын түштүк аймагындагы табигый- жана экономикалык-географиялык факторлордун таасири астында пайда болгон географиялык аталыштарды практикалык максаттарда колдонуу негиздерин (сактоо, коргоо, жаңыча атоо, зарылдык боюнча өзгөртүү) иштеп чыгуу жана өркүндөтүү эсептелет.

Илимий иштин максаттарына жана милдеттерине ылайык изилдөөнүн материалдарынын курамына КРнын Президентинин указдары, КРнын Өкмөтүнүн токтомдору жана программалары, ведомстволук чечимдер, илимий эмгектер, статистикалык отчеттор ж.б. маалыматтык булактар кирди.

Жер-суу аттары, алардын түштүк аймактык деңгээлде каралышы кыргыз экономикалык географиясы үчүн жаңы изилдөө багыты, ал өлкөнүн табигый-географиялык, тарыхый жана социалдык-экономикалык өнүгүү өзгөчөлүктөрүнө жараша өзүнчө изилдөө усулдарына муктаж. Ошондуктан жалпы багытта жана география илиминде колдонулуп жаткан усулдарды аймактык мүнөздөрүнө карап колдонууга туура келет. Ошондой эле географиялык атоолорду изилдөөнүн азыркы концептуалдуу ыкма-жоболору комплекстүү жана системалуу талдоолорду талап кылып жатат.

**«Өздүк изилдөөлөрдүн жыйынтыктары жана аларды талкуулоо» аттуу III бапта** төмөнкүдөй иликтөөлөр, талдоолор жүргүзүлүп, жыйынтыктар алынды. Биздин изилдөөбүздөн максатына жана маңызына ылайык топонимиканын географиялык «таандыгы» аныкталды. Топонимика география илиминин, анын ичинде коомдук (экономикалык, социалдык жана саясий) географиянын маанилүү бөлүгү экендигинин аргументтери такталды: жер бетинин белгилүү жерлеринде бекитилиши; мейкиндик боюнча байланыш белгилерине ээ болушу; аймактын географиялык өзгөчөлүктөрү жөнүндө

маалымат бериши. Ушул көз караштан алып караганда, топонимиканы изилдөө предметинде «үстөмдүк кылуучу» географиялык факторду эске алуу менен анын предмети географиялык илимге көбүрөөк таандык экендигин белгилейбиз.


Географиялык аталыштар төмөнкү функцияларды аткарат: белгилүү бир аймактын өткөнү жана азыркысы жөнүндө зарыл маалыматтарды камтуу (когнитивдик функция); белгилүү бир коомдун же аймактын калыптануу жана өнүктүрүү өзгөчөлүктөрү жөнүндө зарыл билимдерди алуу, туулган жерге болгон сүйүү сезимин калыптандыруу (тарбиялоо функциясы); территория боюнча багыт (ориентир) берет (дарек функциясы); белгилүү бир аймактын тарыхый жана географиялык чындыгын чагылдырат (илимий функция).

Топонимика илиминин географиялык маанисин жана мазмунун талдап көрүүнүн натыйжасында аны география илиминин, анын ичинде коомдук оеграфиянын, башкача айтканда, экономикалык, социалдык жана саясий географиянын бир бөлүгү катары кароого толук негиз бар. Ошондой эле интегралдык илим катары геотопонимика илими катары өнүгүүгө жол ачылат.

Бүткүл республика боюнча топонимикалык изилдөө иштерин күчөтүү, атап айтканда, географиялык аталыштардын келип чыгышын жана колдонулушун ар тараптуу негиздеп, өлкө боюнча жана анын аймактарында топонимикалык карталарды басып чыгарууну кеңейтүү, айрым топонимдердин атын өзгөртүү зарылдыгын негиздөөгө активдүү катышуу жана жергиликтүү бийликтерге тиешелүү сунуштарды берүү зарыл.

Географиялык аталыштарды классификациялоо боюнча окумуштуулардын бирдиктүү пикири жок болгондуктан ушул убакка чейин бирдиктүү, универсалдуу, жөнөкөй жана логикалык классификация түзүлө элек. Иште жер-суу аттарын тиешелүү топонимикалык топторго бөлүп карадык.

Кыргызстандын түштүк аймагында таркалган жер-суу аталыштарынын азыркы абалы жана алардын өзгөрүү себептери аныкталды. Мисал катары 1-картада Ош областынын территориясында таркалган жер-суу аттарынын эгемендүүлүк шарттарында өзгөрүүсү келтирилди (диссертацияда 3 түштүк областынын картографиялык маалыматтары берилген). Албетте, Кыргызстандын территориясы негизинен тоолуу келгендиктен ороним катары түзүлгөн аттардын ойконимге өтүшү мыйзам ченемдүү.



1-карта. **Ош областынын жер-суу аталыштарынын жайгашуусу***

*Автор тарабынан түзүлгөн*

Албетте, Кыргызстандын территориясы негизинен тоолуу келгендиктен ороним катары түзүлгөн аттардын ойконимге өтүшү мыйзам ченемдүү. Мындай жер аттарында тоо, дөбө, адыр, кыр, таш, колот, жылга, бел ж.б.у.с. географиялык терминдер көп кездешет. Ошон үчүн жер бетинин өзгөчөлүктөрү калктуу пункттарды атоодо аныктоочу белги катары кызмат кылат. Суу бөлүүчү жерлер тоо этектеринде жана тоолуу райондордо да маанилүү. Алар адамдын иш-аракетинде жана турмушунда социалдык жана экономикалык зор мааниге ээ болуу менен тоолуу аймактардагы айылдардын аталыштарынын арасында өзгөчө мааниге ээ. 1-табл. Алай, Кара-Кулжа жана Өзгөн райондорунун территориясында оронимдердин ойконим функциясын аткарып калганына мисалдарды келтирдик.

1-таблица – Алай, Кара-Кулжа жана Өзгөн райондорундагы оронимдердин ойконим маанисин аткарып калуусуна мисалдар*

| Алай району | Кара-Кулжа району | Өзгөн району |
|---|---|---|
| Аскалы | Ак-Кыя | Жалпак-Таш |
| Катыраң-Таш | Капчыгай | Кара-Колот |
| Кең-Жылга | Кара-Таш | Курбу-Таш |
| Сары-Таш | Көк-Арт | Кызыл-Тоо |
| Таш-Короо | Кызыл-Жар | Түз-Бел |

*Автор тарабынан түзүлгөн*


Түштүк аймактын топонимдери кыргыз, иран-араб, тажик, өзбек, орус тилдеринен кирген жер-суу аталыштары басымдуулук кылат. Алардын ичинен

иран, согда катмарлары – окумуштуулардын тарыхый, топонимикалык маалыматтары боюнча, хронологиялык жагынан алганда башка тилдик катмарларга караганда, эрте пайда болгон катмар экендигин далилдеп келе жатышат.

Кыргызстандын түштүк аймагындагы географиялык объектилерине аталышы, аларга ат коюунун эрежелери, аларды улуттук тааризде стандартташтыруу, жер-суу аттарынын транскрипциясы, жер-суу аттарынын лингвистикалык-географиялык катмарлары, топонимдердин түзүлүшүндөгү локалдык географиялык терминдердин ролу, географиялык классификация сыяктуу маселелер окумуштуу-изилдөөчүлөрдүн алдында турат. Бул биз карап жаткан илимий иште аймактык жер-суу аттары биринчи жолу экономикалык жана социалдык география илиминин объектиси катары каралып, анын методдору жана ыкмаларынын алкагында жумуш алып бардык.

Аймактын топонимикасын изилдөө процессинде 300гө жакын ойконим, 60тан ашык ороним, 80ден ашык гидронимдер, 50дөн ашык зоо- жана фитонимдер талдоого алынды. Биз карап жаткан территориянын жер-суу аттары жалпы өлкөбүздүн топонимикалык байлыгынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Бул аймактын топонимикасы улуттук баалуулуктарды, өлкөнүн тарыхын жана маданиятын чагылдырып турат жана улуттук менчик катары мааниге ээ. Кыргызстандын түштүк аймагындагы географиялык объектилеринин аталыштарын изилдөөдө төмөнкүдөй негиздер боюнча жыйынтык чыгарууга болот: аймакта нукура кыргызча аталыштары басымдуулук кылат (райондорго карап 80-85%); орус тилдүү аталыштар да басымдуу, бирок акыркы 30 жылда алардын саны 70%га кыскарган; башка түрк тилиндеги аталыштар да көп (көбүнчө өзбекче, башкача айтканда, өзбек калкы компактуу жайгашкан жерлерде); ошол эле учурда түрк эмес (согди, фарс-тажик, араб, монгол) топонимдери да бар (булар түркчө жер аттары менен салыштырганда саны жагынан аз); аймактын топонимдерин изилдөөдө жер-суу аталыштары биринчи кезекте жердин физикалык-географиялык көрүнүшүнө (рельефтин ар түрдүүлүгү, суу байлыгынын көптүгү, флора жана фаунанын ар түрдүүлүгү ж.б.) байланыштуу экендиги аныкталды; айрым жер-суу аттарынын пайда болушунда жергиликтүү элдин чарбалык ишмердүүлүгү (мал чарбачылык, дыйканчылык, соода-сатык, устачылык ж.б.), тарыхы, руханий жана материалдык маданиятынын өзгөчөлүктөрү да таасир эткен; ошондой эле аймактын топонимикасында этнонимдердин салмагы бир топ жогору экени аныкталды: жергиликтүү калктын этногенезин, этностук мамилелерин этноонимдердин чагылдырган жана уруулардын, уруктардын аттары менен аталган объектилер да басымдуу.

Кыргызстандын түштүк бөлүгү да суу ресурстарына молдугу менен мүнөздөлүп, жер-суу аттарынын келип чыгышында да алардын мааниси зор. Ошондуктан аларга өзүнчө мүнөздөмө берилди. Мисал катары Баткен областынын территориясында таркалган дарыя торчолорун жана алардын аталыштарын карта түрүндө келтирдик (2-карта).





2-карта. **Баткен областынын территориясында гидронимдердин жайгашуусу***

**Автор тарабынан түзүлгөн*

Географиялык аталыштарды комплекстүү изилдөө, сактоо жана зарыл учурларда атын өзгөртүү адистерден жогорку деңгээлдеги картографиялык сабаттуулукту жана аймактын географиялык аталыштарынын социалдык-экономикалык номенклатурасын терең билүүнү талап кылат. Бул иште геомаалыматтык тутум иштетүү технологияларын колдонуу менен түштүк аймактын топонимикалык мүнөздөмөлөрүн чагылдырган маалымат банкы түзүлдү. Аймактык издөө-маалымат системасы үчүн Microsoft Access чөйрөсү тандалып алынган. Топонимикалык маалыматтарды издөө көп деңгээлдүү болуп, аларды административдик-аймактык бирдиктер, категориялар жана негизинен социалдык-экономикалык мүнөздөмөлөрү боюнча топторго бөлүүгө мүмкүн болду.

Кыргызстандын Баткен облусунун топонимикасы түрк, иран, монгол жана орус тилдүү аттардын жыйындысы болуп эсептелет. Ар кандай абалда болгон жана болуп жаткан окуялардын баары тигил же бул түрдө анын топонимикасына таасир этет.




1-сүрөт. **Түрк тилдүү топонимдердин географиялык анализинин алгоритми***

**Автор тарабынан түзүлгөн*

Ошол эле учурда административдик чектердин жана калктуу конуштардын катмары катары вектордук катмар – ачык жеткиликтүү болгон шейп-файл колдонулган (полигондор, чекиттик объектилер, сызыктуу объектилер). Ошондой эле СССРдин Генштабынын санариптештирилген топографиялык карталары (масштабы М1:200 000 жана М1: 100 000) колдонулган.

Изилдөөнүн жүрүшүндө жаратылыштын көптөгөн өзгөчөлүктөрү, калктын чарбалык ишмердүүлүгү жана этнографиясы, түштүк аймакта болуп өткөн тарыхый, социалдык-экономикалык жана саясий өзгөрүүлөр аймактын топонимикасында таасын чагылдырылган. Бирок, географиялык аталыштар өткөндүн руханий баалуулуктары катары гана эмес, бүгүнкү күндө коомдун ар кандай муктаждыктарына кызмат кылгандыгы үчүн да баалуу. Ошол себептен жер-суу аттарын жөнгө салуу, аларды жазуу эрежелерин сактоо, жазууну улуттук жана эл аралык деңгээлде стандартташтыруу, расмий иш кагаздарда, карточкаларда, окуу куралдарында жана башка басылмаларда туура жана ар дайым бирдей жазылышын камсыз кылуу турат.

Географиялык аталыштардын орфографиялык формаларын стандартташтыруу, башкача айтканда, карталарда, атластарда, расмий документтерде, илимий эмгектерде, окуу китептеринде, мезгилдүү басма иштеринде бирдей жазылышын камсыз кылуу зарыл. Бул эмгектин татаалдыгы жер-суу аттарына кирген социалдык-экономикалык, географиялык терминдер, өсүмдүктөр менен жаныбарлардын аттары, уруулар,

атүгүл адам аттары да ар түрдүү фонетикалык жана ар түрдүү тилдерде басылып алынгандыгында жатат.

Мына ошентип, тигил же бул аймакта географиялык объектилерге ат коюуда төмөнкү шарттарды сактоо зарыл:

-аталыштын мааниси так жана түшүнүктүү болушу (котормосу да түшүнүктүү болуш керек);

-атоонун түзүлүшү жөнөкөй жана ыңгайлуу болушу (кошумча суроолорду жаратпаш керек);

-тандалган атоо тилдин грамматикалык эрежелерине дал келиши (мында атайын адистердин иши талап кылынат);

-атоо ошол жердин географиялык, тарыхый же чарбалык өзгөчөлүгүнөн кабар берип турушу (мында ар бир атоонун мааниси жана багыты болот);

-атоолор жалаң эле коомдук-саясий терминдерден же өсүмдүк же жаныбарлардын атынан турбашы (бул бир жактуулукка алып келет);

-окшош аталыштарга жол берилбеши (бул адашууларга алып келет);

-тарыхый топонимдерди мүмкүн болушунча калтыруу (андай атоолор тарыхтын күбөсү, алардын тилдик, тарыхый, саясий жана илимий маанисин эске алуу менен аларды келечек муундарга калтырууга милдетүүбүз).

Географиялык объектилерди атоо жана өзгөртүп атоо мамлекеттик кызыкчылыктарды, ошондой эле географиялык, тарыхый, улуттук, турмуш-тиричилик жана башка жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен жүзөгө ашырылат.

## ЖЫЙЫНТЫКТАР

Изилдөөнүн натыйжасында алынган илимий маалыматтар жана аларды талдоо төмөнкүдөй тыянактарды чыгарууга жана сунуштарды иштеп чыгууга негиз болду:

1.Кыргызстанда, анын ичинде түштүк аймакта топонимдери кылымдар бою узак убакыттын ичинде ар түрдүү жолдор менен түзүлүп, кыргыз ж.б. тилдерден кирип, бүгүнкү күнгө чейин сакталып келет. Изилденген аймактагы топонимдер тарыхый узак мезгилдерди өз ичине камтып, мааниси жагынан көп учурларда өзгөрүүгө учураган. Жер-суулардын аты географиялык объектини өзгөчөлүгүнүн негизинде аталуусун изилдөөгө тактык болуусуна мүмкүндүк берилди. Жергиликтүү географиялык терминдердин топонимдерди пайда кылуудагы орду белгиленди.

2.Каралып жаткан аймагындагы географиялык объектилеринин аталышы, аларга ат коюунун эрежелери, улуттук тааризде стандартташтыруу, жер-суу аттарынын транскрипциясы, жер-суу аттарынын лингвистикалык-географиялык катмарлары, топонимдердин түзүлүшүндөгү локалдык географиялык терминдердин ролу, географиялык классификация сыяктуу маселелерди изилдөө алдыда турат. Жер-суу аттарын экономикалык жана социалдык географиянын рамкасында изилдөө топонимиканы география илимдерине жакындатат жана анда жаңы багыттын – геотопонимиканын пайда болушуна шарт түзөт. Мында биз үчүн өлкөнүн административдик-

территориялык бирдиктеринде топонимикалык изилдөөлөрдү жүргүзүү, калктуу пункттардын аталыштарын тактап изилдөө, жер-суу аттарын калыптандырууда аймактын экономикалык, социалдык-географиялык өзгөчөлүктөрүн аныктоо сыяктуу маселелер актуалдуу.

3.Белгилүү бир аймакта географиялык аталыштардын калыптанышына социалдык-экономикалык (калктын курамы, тили, кесиби, чарбанын түрү жана деңгээл ж.б.) жана физикалык-географиялык (рельеф, топурак, суу, флора жана фауна ж.б.) факторлор таасир этет жана алар мейкиндик жана убакыттын өзгөрүшү менен өзгөрүп турат. Социалдык-экономикалык негизи бар географиялык аталыштар адамдарда табигый жана чарбалык объектилерге ээлик кылуу сезимин калыптандырат, аларды сарамжалдуу пайдаланууга үндөйт. Элдин байлыгы болуп саналган жаратылыш объектилеринин аталыштары адамдардын экологиялык маданиятын көрсөтүп, калкты экономкалык-экологиялык жактан тарбиялоодо чоң мааниге ээ.

4.Аймактык топонимикалык изилдөөдө жер-суу аттарын классификациялоонун практикалык зор мааниси бар экенин эске алып, аймактын географиялык объектилерин атоо боюнча классификациялоо жүргүзүлдү. Анткени, ар кандай илимий изилдөөлөрдө чогултулган маалыматтар белгилүү бир курамдык бөлүүнү талап кылат.

5.Географиялык аталыштардын пайда болушу кокустуктан эмес. Аларды туура жана так аныктоо жана илимий негизде талдоо зарыл. Аймактын топонимикасын изилдөө процессинде 300гө жакын ойконим, 60тан ашык ороним, 80ден ашык гидронимдер, 50дөн ашык зоо- жана фитонимдер талдоого алынып, изилдөөнүн жыйынтыгында төмөнкүдөй илимий корутундулар жана сунуштар иштелип чыкты:

5.1.Биз карап жаткан территориянын жер-суу аттары жалпы өлкөбүздүн топонимикалык байлыгынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Бул аймактын топонимикасы улуттук баалуулуктарды, өлкөнүн тарыхын жана маданиятын чагылдырып турат жана улуттук менчик катары мааниге ээ.

5.2.Жер-суу аттарынын калыптанышына жана өнүгүшүнө социалдык-географиялык факторлор басымдуу түрдө таасир этет: аймактын өнүгүү тарыхы; жаратылыш шарттары жана алардын чарбалык мааниси; ар кандай доорлордо калктын этномаданий курамынын өзгөрүүсү; саясий режимдердин жана идеологиялык чөйрөнүн өзгөрүшү (мисалы, советтик империянын кулашы менен); коомдук түзүлүштүн өзгөрүүсү; калктын жайгашуусу абалы жана өзгөчөлүктөрү; калктын салттуу чарбалык иш-аракеттери жана турмуш-тиричилик образы; өндүргүч күчтөрдүн жайгашуусу.

5.3.Жер-суу аталыштарынын лингвистикалык-географиялык абалы: аймакта нукура кыргызча аталыштары басымдуулук кылат (райондорго карап 80-85%); орус тилдүү аталыштар да басымдуу, бирок акыркы 30 жылда алардын саны 70%га кыскарган (орус топонимдердин көпчүлүгү антротопонимдер болот); башка түрк тилиндеги аталыштар да арбын (көбүнчө өзбекче, башкача айтканда, өзбек калкы компактуу жайгашкан жерлерде); ошол эле учурда түрк эмес (согда, фарс-тажик, араб, монгол) топонимдери да

бар (булар түркчө жер аттары менен салыштырганда саны жагынан аз); аймактын топонимдерин изилдөөдө жер-суу аталыштары биринчи кезекте жердин физикалык-географиялык көрүнүшүнө (рельефтин ар түрдүүлүгү, суу байлыгынын көптүгү, флора жана фаунанын ар түрдүүлүгү ж.б.) байланыштуу экендиги аныкталды; айрым жер-суу аттарынын пайда болушунда жергиликтүү элдин чарбалык ишмердүүлүгү, тарыхы, руханий жана материалдык маданиятынын өзгөчөлүктөрү да таасир эткен; аймактын топонимикасында этнонимдердин салмагы бир топ жогору экени аныкталды: жергиликтүү калктын этногенезин, этностук мамилелерин этнонимдердин чагылдырган аттар басымдуу.

6.Жер-суу аттары коомдун ар кандай муктаждыктарына кызмат кылат. Ошол себептен алар боюнча жазуу эрежелерин түзүүгө, расмий иш кагаздарда, окуу китептеринде жана башка басылмаларда туура жана дайыма бирдей жазууга тийишпиз. Атоолордун кайрылуу функциясын аныктоо, расмий жана жалпы керектөө, улуттук стандартташтыруу үчүн ар кандай географиялык объектинин аталышын жазуунун бирдиктүү формасын аныктоо жана бекитүү зарыл.

7.Республикада иштеп жаткан “Кыргыз Республикасындагы географиялык аталыштар жөнүндө» мыйзам ж.б. расмий документтер заман талабына жараша толуктоого муктаж. Жер-суу аттарынын каталогун түзүү, топонимдердин фондун түзүү, тарыхый аталыштарды коргоо боюнча талаптар кириш керек. Өлкөдө бирдиктүү топонимикалык борбор түзүлүп, бардык географиялык аталыштарды бирдей формада базага киргизүү зарыл. Аймактар боюнча топонимикалык карталарды түзүү, Кыргыз Республикасынын топонимикалык атласын түзүү маанилүү милдет болуп саналат.

8.Кыргыз Республикасында, Бишкек жана Ош шаарларында, ар бир областта жана райондо туруктуу топонимикалык комиссия иш алып барыш керек. Мында акыркы чечим Кыргыз география коомунун тиешелүү бөлүмү менен макулдашуу жүргүзөт. Менчиктин түрүнө карабастан, бардык ишканалар, мекемелер жанан уюмдар ат тандоодо жергиликтүү топонимикалык комиссиялардын кеңеши менен иш алып баруусу талапка ылайык.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫК КӨРГӨН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ

1.Даовлатова Ф.М. Кыргызстандын түштүгүндөгү фарсы жана тажик тилдеринен кирген жер-суу аталыштары [Текст] /Ф.М.Даовлатова //ОшМУ жарчысы, №5, 2017. -143-146-б.

2.Даовлатова Ф.М. Малые города южного региона Кыргызстана: типология, особенности и возможности развития [Текст] /Ф.М.Даовлатова, Г.А.Момошева, Ж.Т.Шерматова //Молодой ученый, №12, 2017. -С. 205-207.

3.Даовлатова Ф.М. Кыргызстандын түштүгүндөгү фарсы жана тажик тилдеринен кирген жер-суу аталыштарынын этимологиясы: Окуу-усулдук колдонмо. Ош, 2017. -48 б.

4.Даовлатова Ф.М. Түштүк-Батыш Кыргызстандын жер-суу аталыштарынын этимологиясы [Текст] /Ф.М.Даовлатова //Известия ВУЗов Кыргызстана, №5, 2018. -32-36-б.

5.Даовлатова Ф.М. Баткен аймагындагы жер-суу аталыштарынын этимологиясы [Текст] /Ф.М.Даовлатова, Б.Ж.Жамшутова, Н.К.Ташматова //Известия вузов Кыргызстана, №11, 2019. -33-36-б.

6.Даовлатова Ф.М. Түштүк-батыш Кыргызстандын гидронимдеринин аталышы [Текст] /Ф.М.Даовлатова //Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, №5, 2021. -26-31-б.

7.Даовлатова Ф.М Топонимдердин этимологиясы [Текст] /Ф.М.Даовлатова //ОшМУ жарчысы, 2022. -158-162-б.

8.Даовлатова Ф.М. Топонимдердин этимологиялык классификациясы [Текст] / Ф.М.Даовлатова //Арабаев ат. КМУ жарчысы, №4, 2022. -38-43-б.

9.Даовлатова Ф.М. «Кыргызстандын географиясы» предмети боюнча практикалык иштерди аткаруу үчүн окуу-усулдук колдонмо. Ош, 2022. -76 б.

10.Даовлатова Ф.М. Антропотопонимдер жер-суу аталыштарында [Текст] /А.Т.Арыстанова, Ф.М.Даовлатова //Известия вузов Кыргызстана, №4, 2023. -49-53-б.

11.Даовлатова Ф.М. Билим берүүдө жергиликтүү топонимдерди колдонуу [Текст] /Ф.М.Даовлатова //Арабаев ат. КМУ жарчысы. №2, 2023. -61-65-б.

12.Даовлатова Ф.М. Реки Кыргызстана и их гидрологическая характеристика по топонимическим данным [Текст] /Т.Эшанкулов, Ф.М.Даовлатова, С.Т.Сарыбаева //Новая наука. Наука XXl века: становление, развитие, прогнозы, 2024. -С.326-334.

13.Даовлатова Ф.М. Географиялык аталыштардын укуктук тартиби [Текст] /Ф.М.Даовлатова //БатМУ жарчысы, №2, 2023. -228-331-б.

14.Даовлатова Ф.М. Баткен аймагындагы өсүмдүктөрдүн аттарынан аталган жер-суу аталыштары [Текст] /Ф.М.Даовлатова, Ш.Б.Шеров, Б.У.Канназарова //Наука и новые технологии и инновации Кыргызстана, №8, 2024. -59-62-б.

15.Даовлатова Ф.М. География предметин табигый илимдер менен интеграциялап окутуу [Текст] / Ф.М.Даовлатова, А.Абдибаитова // Наука и новые технологии и инновации Кыргызстана, №8, 2024. -55-58-б.

16.Даовлатова Ф.М. Анализ современной топонимии южного региона Кыргызстана с использованием геоинформационных систем и он-лайн ресурсов (на примере Баткенской области) [Текст] /А.Г.Низамиев, Г.А.Момошева, Ф.М.Даовлатова, У.М.Камчиев //Матер. межд. научно-практ. конф. «Инновационные идеи в современной географии: цифровая экономика и ГИС-технологии». -Карши: КарГУ, 2024. Часть 2. -С. 4-8.

17.Даовлатова Ф.М. Термины, связанные с компонентами природы и их трактовка в «Бобурнаме». [Текст] /Е.Махканов, Ж.Еминов, Ф.М.Даовлатова //Матер. межд. научно-практ. конф. «Захриддин Мухаммад Бабур и мировая

география: эпохи открытий и направления развития». -Фергана, ФерГУ, 2024. -С. 16-18.

18.Даовлатова Ф.М. Топонимика часть экономической, социальной и политической географиии и её значениев современной жизни [Текст] / А.Г.Низамиев, Г.А.Момошева, Ф.М.Даовлатова //Вестник Кыргызстана, №2(1), 2024. -243-248-б.

**Даовлатова Феруза Муктаровнанын «Кыргызстандын түштүк аймагынын жер-суу аталыштарынын таркалышы жана келип чыгышы» деген темадагы 25.00.24 – экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ

**Ачкыч сөздөр**: географиялык аталыштар, топонимика, географиялык фактор, аймак, шаар, айыл, дарек, жергиликтүү калк, калктын жайгашуусу.

**Изилдөөнүн объектиси:** Кыргыз Республикасынын түштүк аймагында таркалган географиялык аталыштар.

**Изилдөөнүн предмети:** Кыргыз Республикасынын түштүк аймагындагы табигый- жана экономикалык-географиялык факторлордун таасири астында пайда болгон географиялык аталыштарды практикалык максаттарда колдонуу негиздерин иштеп чыгуу жана өркүндөтүү.

**Изилдөөнүн максаты**: Кыргызстандын түштүк аймагындагы жер-суу аталыштарынын таркалуу мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана аларга таасир этүүчү социалдык- жана экономикалык-географиялык факторлорун аныктоо, өзгөчө топонимикалык аталыштардын маанилүүлүгүн тактоо менен азыркы социалдык-экономикалык жана саясий талаптарга ылайык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөө усулдары**: анализ жана синтез, монографиялык, салыштырма-географиялык, картографиялык, геомаалыматтык.

**Алынган жыйынтыктар жана жаңылыктар**: Кыргызстандын түштүк аймагынын топонимикасы биринчи жолу социалдык- жана экономикалык-географиялык жактан комплекстүү түрдө изилденди; жер-суу аталыштарынын калыптануу өзгөчөлүгү боюнча 3 хронологиялык мезгилге (совет дооруна чейин, совет бийлигинин тушунда жана эгемендүүлүк жылдарында) бөлүндү жана аймактын топонимикасынын тарыхый өзгөрүү себептерине баа берилди; ГИС-технологияларды колдонуу менен Кыргызстандын түштүк аймагынын жер-суу аталыштарынын территориялык структурасын чагылдырган тематикалык топонимикалык карталардын сериясын түзүлдү.

**Пайдалануу деңгээли**: өлкөдө топонимикалык иш-аракетерди заман талабына ылайык жүргүзүү, айрым жер-суу аталыштарын өзгөртүү боюнча автор тарабынан алынган илимий иштелмелер Кадам-Жай райондук администрациясы тарабынан тиешелүү документтерди иштеп чыгууда колдонулду. Диссертациянын илимий-теориялык жоболору БатМУнун

«табигый-илимий билим берүү» багыты үчүн окуу материалы катары пайдаланылды.

**Колдонуу тармагы**: башкаруу органдары, коомдук мамилелер, илимий чөйрө, аймактарды өнүктүрүү багыттары.


**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Даовлатовой Ферузы Муктаровны на тему «Распространение и происхождение географических названий южного региона Кыргызстана» на соискание ученой степени кандидата географических наук по специальности 25.00.24 – экономическая, социальная, политическая и рекреационная география**

**Ключевые слова:** географические названия, топонимика, географический фактор, регион, город, село, адрес, местное население, расселение.

**Объект исследования:** географические названия, распространенные в южном регионе Кыргызской Республики.

**Предмет исследования:** разработка и совершенствование принципов использования географических названий в практических целях под влиянием природно- и экономико-географических факторов в южном регионе Кыргызской Республики.

**Цель исследования:** определение закономерностей распространения топонимов в южном регионе Кыргызстана и влияющих на них социально-экономико-географических факторов, выяснение значения специальных топонимических названий и разработка предложений в соответствии с современными социально-экономическими и политическими требованиями.

**Методы исследования:** анализ и синтез, монографический, сравнительно-географический, картографический, геоинформационный, статистический.

**Полученные результаты и новизна:** топонимика южного региона Кыргызстана изучалась впервые в социально- и экономико-географическом плане; по особенностям формирования топонимии он был разделен на 3 хронологических периода (досоветский период, в советский период и в годы независимости) и выявлены причины исторического изменения топонимов региона; с использованием ГИС-технологий создана серия тематических топонимических карт, отражающих территориальную структуру топонимов южного региона Кыргызстана.

**Степень использования:** полученные автором научные разработки по проведению топонимических мероприятий в стране в соответствии с потребностями времени, изменению некоторых топонимов были использованы администрацией Кадам-Жайского района при разработке соответствующих документов. Научно-теоретические положения диссертации были использованы в качестве учебного материала по направлению «естественно-научное образование» БатГУ.

**Область применения:** органы управления, общественные отношения, научная среда, направления регионального развития.

## SUMMARY

**of the dissertation of Daovlatova Feruza Muktarovna on the topic "Distribution and origin of toponyms of the southern region of Kyrgyzstan" for the degree of candidate of geographical sciences in the specialty 25.00.24 - economic, social, political and recreational geography**

**Keywords:** geographical names, toponymy, geographical factor, region, city, village, address, local population, settlement.

**Object of the study**: geographical names common in the southern region of the Kyrgyz Republic.

**Subject of the study**: development and improvement of the principles of using geographical names for practical purposes under the influence of natural and economic-geographical factors in the southern region of the Kyrgyz Republic.

**The purpose of the study**: to determine the patterns of distribution of toponyms in the southern region of Kyrgyzstan and the socio-economic-geographical factors influencing them, to clarify the meaning of special toponymic names and to develop proposals in accordance with modern socio-economic and political requirements.

**Research methods**: analysis and synthesis, monographic, comparative-geographical, cartographic, geoinformational, statistical.

**Obtained results and novelty**: the toponymy of the southern region of Kyrgyzstan was studied for the first time in socio- and economic-geographical terms; according to the peculiarities of the formation of toponymy, it was divided into 3 chronological periods (the pre-Soviet period, the Soviet period and the years of independence) and the reasons for the historical change of toponyms in the region were identified; using GIS technologies, a series of thematic toponymic maps were created, reflecting the territorial structure of toponyms in the southern region of Kyrgyzstan. Degree of use: the author's scientific developments on conducting toponymic events in the country in accordance with the needs of the time, changing some toponyms were used by the administration of the Kadam-Zhai district when developing relevant documents. The scientific and theoretical provisions of the dissertation were used as teaching material in the direction of "natural science education" at BatSU.

**Scope**: government bodies, public relations, scientific environment, areas of regional development.